# 2013-жылдын 9 айы үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

Улуттук банк башкармасынын
2013-жылдын 4 декабрдагы
№48/1 токтому менен кабыл алынган

## Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

Акча-кредит саясатынын 2013-2015–жылдарга негизги багыттарында аныкталган максаттарга ылайык, 2013-жылдын январь-сентябрь айларында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы бир маанилүү көрсөткүчтүн алкагында керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин өсүш арымын кармап турууга багытталган, тиешелүү акча–кредит саясатын жүргүзгөн. Улуттук банк жүгүртүүдөгү көлөмү сентябрь айынын акырына карата 2,7 млрд. сомду түзгөн ноталарын сатуу аркылуу үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операцияларды жүргүзгөн. Улуттук банк үстөк ликвиддүүлүктү алып салуу үчүн негизинен, өтүп жаткан жылдын башталышында кайтарым репо операцияларын да жүргүзгөн. Акча базасы 2013-жылдын башталышынан тартып 6,9 пайызга, жылдык өлчөөдө –14,6 пайызга көбөйгөн.

Ички рынокто чет өлкө валютасынын суроо-талабынын жана сунушунун салыштырмалуу балансташуусу, Улуттук банкка банктар аралык валюта рыногуна катышуусун минималдаштырууга өбөлгө түзгөн. Улуттук банк 2013-жылдын апрель айында бир жолу 14,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө чет өлкө валютасын сатуу боюнча интервенцияларды өткөргөн. АКШ долларынын сомго карата курсу отчеттук мезгил ичинде 2,6 пайызга өскөн, ошону менен бирге эле, валюта курсунун динамикасындагы сезондуулук өткөн жылдагыга салыштырганда анчалык деле болгон эмес. Акча которуулардын агылып кирүүсү жана экспорттон түшкөн акчага салыштырганда, товарлар импортунун өсүш арымынын артышы, түптөлгөн динамикага таасирин тийгизген факторлордун бири болуп саналган.

Банк системасынын резервдеринин үстөгүн стерилизациялоо максатында алдын ала аткарылган чаралар менен дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо туруктуу динамиканын орун алышы, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн мол түшүмүнүн күтүлүп жатышы инфляция арымынын төмөндөөсүнө таасирин тийгизген. 2013-жылдын сентябрь айынын акырына карата инфляция 6,0 пайызды (жылдык мааниде) түзгөн.

Экономиканы кредиттөө боюнча банк тутумун колдоо жана пайыздык трансмиссиондук каналдын ишин күчөтүү максатында, кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттары үчүн кредиттик аукциондордун алкагында, Улуттук банк коммерциялык банктарга 775,8 млн. сом өлчөмүндө ресурс берген. Өткөрүлгөн аукциондордо берилген каражаттардын орточо салмактанып алынган пайыздык чени 5,76 пайызды түзгөн. Отчеттук мезгилдин акырына карата эсептик чен өтүп жаткан жылдын башталышындагы 2,64 пайызга караганда 4,25 пайыз чегинде түптөлгөн.

2013-жылдын январь-сентябрь айларында экономикалык өсүш көбүнчө, “Кумтөрдө” өндүрүштүн калыбына келишинин эсебинен 9,2 пайызды түзгөн, “Кумтөр” алтын-кен казып алуу ишканаларынын өндүрүшүн эске албаганда, ИДӨ көлөмү 6,1 пайызга өскөн. ИДӨнүн өсүшүнө иштеп чгуу өнөр жайы (+34,7 пайыз), курулуш (+20,4 пайыз), кызмат көрсөтүү чөйрөсү (+5,6 пайыз) жана айыл чарбасы (+4,2 пайыз) негизги салым кошушкан.

2013-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 5,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,2 пайызды түзгөн[1], ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде бюджет тартыштыгы 11,6 млрд. сом же ИДӨгө карата 5,5 пайыз чегинде болгон.

Болжолдонгон маалыматтарга ылайык, 2013-жылдын тогуз айынын жыйынтыктары боюнча, күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосунун 18,5 пайызга чейин жогорулашы,

[1] Мында жана мындан ары маалыматтарды салыштыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлиги пайдаланган «эски» методология боюнча эсептөөлөр колдонулат.

соода теңдеминин тартыштыгынын себебинен түзүлөт. Отчеттуулук мезгилде Кыргыз Республикасынын соода теңдеминин тартыштыгы 2 340,8 млн. АКШ долларына чейин жогорулашы (өсүш 22,1 пайыз) мүмкүн.

**Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн өзгөрүүсү**

Өтүп жаткан жылы мамлекеттик бюджеттин мыйзам чегинде аныкталган тартыштыгынын (ИДӨгө карата 4,8 пайыз) жана 2014-жылдын бюджеттик тартыштык долбоорунун (ИДӨгө карата 4 пайыз) жогорку деңгээлде болушу, акча-кредит саясатын жүргүзүүдө эске алына турган тобокелдиктин негизги факторлорунун бири болгон. Ушундан улам, Улуттук банк ноталарын сатуу жана МБКларды репо шарттарында сатуу операциялары аркылуу стерилизациялоо операцияларын жүргүзгөн.

Акча базасы 2013-жылдын январынан сентябрына чейинки мезгил аралыгында 4,4 млрд. сомго же 6,9 пайызга көбөйгөн жана сентябрь айынын акырына карата 68,9 млрд. сомду (2012 –жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилинде – 9,8 пайыз) түзгөн. Өкмөттүн операциялары акча базасын 2,4 млрд. сомго, Улуттук банктын операциялары –2,0 млрд. сомго көбөйткөн. Ачык рыноктогу операциялардын жана валюталык операциялардын эсебинен Улуттук банк 2,7 млрд. сомду стерилизациялаган. Улуттук банктын акча сунушун арттырган операцияларынын негизги көлөмү ички рынокто 0,9 млрд. сом суммасында алтынды сатып алууга жана 0,5 млрд. сом банктардын кайра каржылоо операцияларына туура келген.

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган, М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы жыл башынан бери 15,1 пайызга (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде–18,9 пайызга) көбөйүү менен 113,3 млрд. сомду түзгөн. Депозиттердин көлөмүнүн 24,9 пайызга көбөйүүсү (2012–жылдын тиешелүү мезгилинде– 36,2 пайызга) М2Х өсүшүнө негизги салымын кошкон, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттердин өсүшү 38,1 пайызды, улуттук валютадагы депозиттер – 12,7 пайызды (2012–жылдын тиешелүү мезгилинде, тиешелүүлүгүнө жараша –35,0 пайызды жана 37,7 пайызды) түзгөн. Алмашуу курсунун өзгөрүүсүнүн таасирин эске албаганда, депозиттердин жалпы көлөмү 23,2 пайызга өскөн. Жалпысынан алганда, депозиттик базанын өнүгүү динамикасы банк тутумуна карата ишенимдин сакталып калгандыгын тастыктап турат.

ИДӨнүн өсүш арымына салыштырганда акча массасынын кыйла тез арымынын натыйжасында, М2Х акча топтому боюнча эсептелген экономиканы акчага каныктыруу коэффициенти, отчеттук жылдын январь айынан сентябрь айына чейинки мезгилде жыл башындагы 29,0 пайыздан сентябрдын акырына карата 31,0 пайызга чейин өскөн. Ошону менен бирге, М2Х акча топтому боюнча эсептелген жүгүртүү тездиги жыл башындагы 3,4төн сентябрь айынын акырында 3,2ге чейин төмөндөгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 2012-жылдын акырындагы 1,527ден 2013-жылдын сентябрь айынын акырына карата 1,644кө чейин көбөйгөн, буга М2Х кеңири акча массасынын көлөмүндө депозиттердин өсүшү себеп болгон.

**Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар**

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча инфляция көрсөткүчү отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча (2013-жылдын сентябры 2012-жылдын сентябрына карата) 6,0 пайызды түзгөн, ал эми инфляциянын орточо жылдык мааниси 7,4 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде керектөө куржунунда 48 пайызга жакынды ээлешкен товарлардын азык-түлүк тобуна баа жылдык мааниде 5,0 пайызга көбөйгөн. Азык-түлүктөн башка товарларга керектөө баа индекси жылдык мааниде 7,1 пайызга, акы төлөнүүчү кызматтарга 4,2 пайызга көбөйгөн. Алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге акциздин жогорулагандыгына байланыштуу алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин жылдык мааниде 11,0 пайызга олуттуу кымбаттагандыгы белгиленген.

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси**

| | 2013-ж. сентябрь айы | | | 2013-ж. январь-сент. айлары 2012-ж. январь-сент. айларына карата |
|---|---|---|---|---|
| | 2013-ж. август айына карата | 2012-ж. декабрь айына карата | 2012-ж. сентябрь айына карата | |
| **Баардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **100,5** | **101,6** | **106,0** | **107,4** |
| анын ичинде | | | | |
| Азык-түлүк товарлары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,4 | 99,3 | 105,0 | 106,4 |
| Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары | 101,0 | 105,7 | 111,0 | 111,2 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,6 | 103,5 | 107,1 | 107,8 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,3 | 102,6 | 104,2 | 107,7 |

Азык-түлүк товарлары түзүмүндө нан азыктарына жана акшакка көбүрөөк салыштырма салмак туура келет. 2013-жылдын сентябрынын жыйынтыгы боюнча нан азыктарына жана акшакка баа жылдык мааниде 4,4 пайызга өскөн, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 6,9 пайызга кымбаттаган. 2013-жылдын январь-сентябрында дан эгиндерине баа динамикасы туруктуу бойдон калган жана 2013-жылы мол түшүм алуунун күтүүлөрдүн алкагында төмөндөө тенденциясына ээ болгон. Алсак, Казакстандын 23-24 пайыз клейковинасы менен буудайга импорт баасы (Луговая ст. чейин жеткирүү) жыл башынан бери 51,1 пайызга төмөндөгөн.

2013-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча мөмө-жемиш продукциясына баа жылдык мааниде 15,6 пайызга (2012-жылы тиешелүү көрсөткүч 3,9 пайызга көбөйгөн) өскөн, анын ичинде жемишке баа 30,9 пайызга жогоруласа, жашылчалар 10,3 пайызга кымбаттаган.

Кыргызстанда кантка баа жылдык мааниде 2,2 пайызга төмөндөгөн. “Май жана тоң майлар” товарлар тобу боюнча баа жылдык мааниде 0,7 пайызга көбөйгөн. “Май жана тоң майлар” товарлар тобу боюнча мындай динамиканын түптөлүшү, көбүнчө, өткөн сезондо май алынуучу өсүмдүктөрдөн мол түшүм алынгандыгынын таасирине шартталган.

Сүт азыктарына баа индекси жылдык мааниде 8,7 пайызга (2012–жылдын сентябрында 5,9 пайызга төмөндөө байкалган) өскөн. Бирок, жыл башынан тартып товарлардын бул тобуна баанын 5,2 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган. Сүт азыктарына баа Казакстандан бул продукциянын импортунун чектелишинен улам, ички сүт рыногунун каныккандыгына байланыштуу бир аз төмөндөгөн.

Эт азыктарына баа кароого алынып жаткан мезгил ичинде жылдык мааниде 6,1 пайызга көбөйгөн.

Азык-түлүк товарларына ички баалардын дүйнөлүк баа динамикасынан өтө эле көз карандылыгы көбүнчө, Кыргызстан экономикасынын азык-түлүк импортуна жогорку көз каранды болушу менен шартталган. Алсак, Кыргыз Республикасынын УСКсынын маалыматтарына ылайык отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгында нан азыктарын керектөө түзүмүндө импорт үлүшү 56,3 пайызды түзсө, керектөөдөгү өсүмдүк майларынын импорту 71,8 пайыз чегинде катталган, ал эми кантты керектөө 90,9 пайызга импорт менен камсыз болгон.

**2-таблица. Кыргыз Республикасынын базалык тамак-аш азыктары боюнча азык-түлүк балансы**

*(миң тонна)*

| | Нан азыктары данга карата кайра эсептөөлөр, миң тонна | | | | Өсүмдүк майлары миң. тонна | | | | Кант жана и кондитердик азыктар кантка карата кайра эсептөөлөр, миң тонна | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | I'2010 | I'2011 | I'2012 | I'2013 [1] | I'2010 | I'2011 | I'2012 | I'2013 [1] | I'2010 | I'2011 | I'2012 | I'2013 [1] |
| **Түшүүлөр** | **1 860,1** | **1 680,1** | **1 671,2** | **1 483,1** | **67,8** | **59,7** | **53,6** | **36,6** | **74,4** | **56,3** | **54,9** | **51,4** |
| Жыл башына запас | 1 654,2 | 1 453,8 | 1 295,6 | 1 182,9 | 40,3 | 36,0 | 26,4 | 9,3 | 46,7 | 15,9 | 10,4 | 5,6 |
| Өлкөдө өндүрүлгөн | 11,3 | 14,6 | 4,6 | 10,6 | 9,5 | 8,1 | 6,8 | 7,2 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Импорттолгон | 194,6 | 211,7 | 371,0 | 289,6 | 18,0 | 15,6 | 20,4 | 20,1 | 27,7 | 40,4 | 44,5 | 45,8 |
| **Керектөө** | **1 109,2** | **1 102,2** | **1 096,1** | **1 047,6** | **30,0** | **31,4** | **31,9** | **28,0** | **51,8** | **53,5** | **53,0** | **50,5** |
| Үрөнгө чыгашалар | 72,4 | 76,1 | 87,7 | 86,2 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Малга тоют | 480,0 | 454,3 | 470,0 | 417,1 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Жоготуулар | 32,2 | 29,1 | 6,4 | 5,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Экспорттолгон | 30,5 | 43,3 | 25,3 | 23,9 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,3 | 0,4 | 0,3 | 0,1 |
| Калктын керектөөлөрү | 494,1 | 499,4 | 506,7 | 514,7 | 30,0 | 31,4 | 31,9 | 28,0 | 51,5 | 53,1 | 52,7 | 50,4 |
| **Бир мезгилдин акырына запас** | **750,9** | **577,9** | **575,1** | **435,5** | **37,8** | **28,3** | **21,7** | **8,6** | **22,6** | **2,8** | **1,9** | **0,9** |
| **Керектөө көлөмүндөгү импорттун үлүшү, %** | **39,4** | **42,4** | **73,2** | **56,3** | **60,0** | **49,7** | **63,9** | **71,8** | **53,8** | **76,1** | **84,4** | **90,9** |
| **Импорттон көз карандуулуктун коэффициенти** | **110,9** | **115,7** | **105,9** | **104,8** | **65,5** | **65,8** | **75,0** | **73,6** | **101,1** | **101,0** | **100,7** | **100,2** |
| **Жеткиликтүүлүк коэффициенти** | **6,4** | **8,0** | **1,3** | **3,8** | **34,5** | **34,2** | **25,0** | **26,4** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** |
| **Талапка карата калдыктардын өз ара катышы, %** | **67,7** | **52,4** | **52,5** | **41,6** | **126,0** | **90,1** | **68,0** | **30,7** | **43,6** | **5,2** | **3,6** | **1,8** |

[1] Алдын ала маалыматтар

Азык-түлүктөн башка товарларга баа жылдык мааниде 7,1 пайызга өскөн, бул 2012-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 2,9 пайыздык пунктка төмөн. “Кийим жана бут кийим” товарлар тобуна баанын бир аз өсүшү жүргөн, ал 13,7 пайызга өскөн. Үй тиричилик буюмдарына жана тиричилик техникасына баа 6,1 пайызга өскөн. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде 2,9 пайызга көбөйгөн, анын ичинде бензинге баа 3,0 пайызга, дизель отунуна 2,2 пайызга өскөн.


Акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси кароого алынып жаткан мезгил ичинде жылдык мааниде 4,2 пайызга (2012-жылдын сентябрында 10,0 пайызга) көбөйгөн. Бул топ боюнча индекстин өсүшү, негизинен, тойканалардын жана мейманканалардын кызматтарынын 7,7 пайызга, билим берүү кызматынын (+2,4 пайызга) жана транспорттук кызматтардын (+1,8 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Саламаттыкты сактоо кызматтары болсо 10,3 пайызга кымбаттаган.

## Реалдуу сектор

2013-жылдын январь-сентябрь айларынын ичинде күндөлүк бааларда ИДӨ 2012-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөр менен салыштырганда (2012-жылдын январь-сентябрында реалдуу ИДӨ 5,6 пайызга түшүү белгиленген) реалдуу мааниде 9,2 пайызга жогорулоо менен 236,9 млрд. сомду түзгөн. Өсүүнүн жогорку көрсөткүчү, негизинен, “Кумтөр” алтын кен өндүрүшүнүн калыбына келиши менен шартталган. “Кумтөр” алтын кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда, ИДӨнүн көлөмү 6,1 пайызга өскөн (2012-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыктары боюнча ушул эле көрсөткүчтүн өсүшү 3,7 пайызды түздү). ИДӨнүн дефлятору 2012-жылдын январь-сентябрь айларындагы 10,5 пайызга караганда 3,4 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Каралып жаткан мезгилде ИДӨнүн өсүшү, эң оболу, кайра иштетүү өнөр жайында (+34,7 пайыз), курулушта (+20,4 пайыз) жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө (+5,6 пайыз) кошумча нарктын жогорулашы менен камсыз болгон. Мындан тышкары, ИДӨнүн калыптанышына айыл чарбасы көрүнүктүү салым кошкон, мында өндүрүштүн физикалык көлөмү 2013-жылдын январь-сентябрь айларында 4,2 пайызга жогорулаган. Өндүрүштүн көлөмдөрүнүн түшүүсү “тоо кен” (-1,7 пайыз) жана “электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү” (-3,1 пайыз) тармактарында жүргөн.

**1-график. ИДӨнүн өсүшүнө КР экономикасынын тармактарынын салымы**




Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде өлкөнүн өнөр жай ишканалары 23,5 пайыздык өсүш менен продукция өндүргөн, өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси Кумтөр тоо-кендерин казып алуу ишканаларын эсепке албаганда 0,4 пайызга азайган. Өнөр жайда өсүштүн байкалган жогорку деңгээли, эң башкысы, 2012-жылдын январь-сентябрь айларында кайра иштетүү өнөр жайынын төмөн базасынын натыйжасы ( ИДӨнүн өсүшүнө

тескери салым 2012-жылдын январь-сентябрь айларында -8,3 пайызды түзгөн) жана Кумтөр кенинде өндүрүштүн кайра калыбына келишинин натыйжасында, металлургиялык өндүрүштү жана даяр металлургиялык буюмдар өндүрүшүндө көлөмдөрдүн жогорулашы (1,9 эсе) менен шартталган. Жалпысынан, байкоого алынып жаткан мезгил ичинде республика боюнча, Доре кошулмасынын алтыны 2012-жылдын январь-сентябрь айларындагы 4,3 тоннага караганда, 8,2 тонна өндүрүлгөн. Кайра иштетүү өнөр жайында текстиль жана тигүү продукциясынын өндүрүштүк көлөмдөрүнүн (-12,3 пайызга) кыскарышы, анын ичинде тигүү продукциясына экспорттук суроо-талаптын кыскарышынын кесепетинен белгиленген.

ИДӨнүн жалпы көлөмүндө салыштырма салмагы 18,8 пайызды ээлеген айыл чарба продукциясын дүңүнөн чыгаруу, 2013-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде, өсүмдүк өстүрүү тармагы эсебинен ИДӨнүн өсүшүнө 0,8 пайыз алгылыктуу салымды камсыз кылуу менен, реалдуу мааниде 4,2 пайызга көбөйгөн (2012-жылдын январь-сентябрь ичинде өсүш 2,8 пайызды түзгөн). 2013-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде айыл чарба өндүрүшүнүн жогорулоо динамикасына республикада түзүлгөн жагымдуу аба ырайы-климаттык шарттар, ошондой эле айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн кредиттери боюнча пайыздык чендерди субсидиялоо боюнча “Айыл чарбасын каржылоо” долбоорун жүзөгө ашыруу көмөк көрсөттү (2013-жылдын январь-сентябрь ичинде долбоордун алкагында, 3,0 млрд сом жалпы суммасындагы 14 138 кредит берилген). Жалпысынан, акыркы үч жылдын ичинде айыл чарбага кредиттөөнүн өсүш арымынын жогорулагандыгы байкалууда. 2013-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде агрардык секторго кредиттердин өсүшү 46,7 пайызды түзгөн (2012-жылдын ушундай эле көрсөткүч 26,0 пайызды, 2011-жылы – 21,4 пайызды түзгөн), муну менен бирге, коммерциялык банктардын кредиттик портфелинин жалпы көлөмүндө айыл чарба кредитинин үлүшү 2011-жылдын акырына 12,7 пайыздан 2013-жылдын сентябрын акырына 17,8 пайызга чейин көбөйгөн.

Соода чөйрөсүндө операцияларды дүңүнөн жүгүртүү 2013-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 213,1 млрд. сомду түзгөн, бул 2012-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 7,7 пайызга көп (2012-жылдын январь-сентябрь жыйынтыктары боюнча соода көлөмүнүн өсүшү 9,5 пайызды түзгөн).

2013-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн негизги капиталга инвестицияларды өздөштүрүү көлөмү реалдуу мааниде 13,8 пайызга жогорулаган жана номиналдык мааниде 41,3 млрд. сомду түзгөн (2012-жылдын ушул эле мезгилде жогорулоо 2,5 пайызды түзгөн). Негизги капиталга инвестицияларды салуунун негизги багыттары болуп тоо-кен өнөр жайы (27,7 пайыз), транспорт жана байланыш (15,6 пайыз) жана кайра иштетүү өнөр жайы (13,3 пайыз) эсептелинет. Каралып жаткан мезгилде, каржылоонун тышкы булактарынын эсебинен каржыланып жаткан негизги капиталга инвестициялар 1,5 эсеге көбөйгөн, анын ичинен чет элдик кредиттеринин эсебинен – 2,3 эсеге, «чет өлкөлүк гранттар» жана «гуманитардык жардам» статьясы боюнча – 1,9 эсеге, ошол эле убакта тике чет өлкө инвестицияларын эсебинен тескерисинче, 25,1 пайызга кыскарган.

## Тышкы экономикалык сектор[1]

Болжолдонгон маалыматтарга ылайык, 2013-жылдын тогуз айынын жыйынтыктары боюнча, күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосунун 18,5 пайызга чейин жогорулашы, соода теңдеминин тартыштыгынын кесепетинен болушу мүмкүн. Отчеттук мезгилде Кыргыз Республикасынын соода теңдеминин тартыштыгынын 2 340,8 млн. АКШ долларына чейин жогорулашы (өсүш 22,1 пайыз) төмөнкү негизги факторлордун эсебинен болгон:

- ташылып келинген мунай заттарынын нарктык көлөмүнүн 106,6 млн. АКШ долларына жогорулашы;

[1] 2012-жылы мунай заттарын реэкспорт боюнча кошумча эсепке алууну кошуу менен, алдын ала жана божомолдуу маалыматтар боюнча.

- кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдардын экспортунун 38,0 млн. АКШ долларына жана башка товарларды чыгарып кетүүнүн кыскарышы.

2013-жылдын отчет мезгилинде товарларды экспорттоо (ФОБ баасында) 2012-жылдын тиешелүү мезгилинин ушундай эле көрсөткүчү менен салыштырганда 3,6 пайызга жогорулап, 1 610,6 млн. АКШ долларын түзөт. Алтынды экспорттоо көлөмү, күтүлгөндөй эле, 11,8 пайызга (абсолюттук мааниде 31,3 млн. АКШ долларына) өсөт. Алтынды эсепке албаганда, экспорт 2,3 пайызга азаюу менен 1 001,0 млн. АКШ долларынын деңгээлинде болот. Экспорттун азайышы, негизинен, кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар (30,5 пайызга же 38,0 АКШ долларына), кен жана баалуу металл аралашмалары (65,9 пайызга же 24,6 млн. АКШ долларына) жана электр тогу (33,1 пайызга же 15,2 млн. АКШ долларына) сыяктуу статьялар менен белгиленет.

Отчеттук мезгилде товарларды импорттоо (ФОБтун бааларында) 13,8 пайызга жогорулоо менен 3 951,4 млн. АКШ долларына жетет. Импорттун өсүшүнүн негизги көлөмү, эң башкысы, ташылып келинген мунай заттарынын көлөмүнүн өсүшү менен камсыздалат, аларды импорттоо 17,2 пайызга же абсолюттук мааниде 119,4 млн. АКШ долларына жогорулайт. Чоюн, болот жана алюминийден жасалган конструкцияларды ( 3,0 эсе же 58,5 млн. АКШ долларына), чоюн жана болотту (19,3 пайызга же 31,2 млн. АКШ долларына), авиациялык отунду (40,3 пайызга же 28,2 млн. АКШ долларына) жана башка товарларды ташып келүү көлөмү ошондой эле жогорулайт.

Ушул жылдын январь-сентябрь айларынын ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн теңдеми ("иш сапарлар" статьясы боюнча эсептөөнү эсепке алуу менен) 113,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң болушу күтүлөт, ошол эле убакта 2012-жылдын салыштырмалуу мезгилинде ал 27,4 пайызга терс болгон.

Каралып жаткан мезгилде, Кыргызстандагы инвестициялык ишмердүүлүктөн тике чет өлкө инвесторлорунун кирешелеринин жогорулашынын кесепетинен кирешелердин теңдеминин терс сальдосу 217,8 млн. АКШ долларга, 71,7 пайызга чейин жогорулашы күтүлөт. Ишканалардын кайра инвестицияланган кирешесинин көлөмү 66,0 млн. АКШ долларынан 163,8 млн.АКШ долларына чейин өсөт (өсүш 2,8 эсе).

Күндөлүк трансферттер боюнча таза киреше 1 609,5 млн. доллар өлчөмүндө түптөлөт, бул 2012-жылдын тогуз айы үчүн көрсөткүчүн 12,3 пайызга көп. Отчеттуулук мезгилде бул статья боюнча негизги өсүш, мурдагыдай эле, жеке трансферттердин эсебинен камсыз болот, алардын таза кирешеси 9,1 пайызга көбөйөт жана 1 560, 8 млн. АКШ долларын түзөт.

2013-жылдын 9 айынын жыйынтыктары боюнча капитал менен операциялар эсеби жана финансылык операциялар 782,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлөт, ал 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичиндеги тиешелүү көрсөткүчтөн 3,4 пайызга аз.

Капитал менен операция эсептеринин сальдосу, өткөн жылдын тогуз айынын салыштырылуучу көрсөткүчтөрү менен салыштырганда 3,2 эсе жогорулап, 258,2 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң мааниде күтүлөт. Капитал менен операциялар эсебинин профицитинин өсүшүнө өтүп жаткан жылдын экинчи чейрегинде Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясынын алдында 188,9 млн. АКШ доллар өлчөмүндө мамлекеттик карызын кечирүү боюнча операциялардын чагылдырылышы негизги себеп болгон.

Каралып жаткан мезгил ичинде финансылык эсептин оң сальдосу 28,2 пайызга төмөндөө менен 524,5 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлөт. Финансылык эсеп теңдемине тике жана башка инвестициялар негизги таасир тийгизет.

Республикага тике инвестициялардын таза агылып кириши негизинен, кайра инвестицияланган кирешелердин таза көлөмүнүн 66,0 млн. АКШ долларынан 163,8 млн. АКШ долларына чейин өсүшүнүн эсебинен 2,3 пайызга (318,0 млн. АКШ доллары) жогорулайт. Башка капиталга инвестициялардын таза агылып кириши 33,6 пайызга төмөндөө менен 151,7 млн. АКШ долларына жетет.

Отчеттук мезгил ичинде "башка инвестициялар" статьясы боюнча капиталдын таза агылып кирүүсү 49,7 пайызга азаюу менен 208,3 млн. АКШ долларын түзөт. Көрсөтүлгөн динамикага негизинен, коммерциялык банктардын активдеринин 62,6 млн. АКШ долларына өсүшү менен камсыз болгон, резиденттердин активдеринин 116,0 млн. АКШ долларга көбөйүүсү өзгөчө таасир тийгизет. Резиденттердин милдеттенмелери ошондой эле 270,9 млн.

АКШ долларына жогорулайт, ал ойлонулгандай эле, ишканалардын кредитордук карыздарынын 152,9 млн. АКШ долларына өсүшүнүн натыйжасында жана 107,5 млн. АКШ доллар өлчөмүндө тышкы карызды тейлөө боюнча капиталдын таза агылып чыгышынын эсебинен жүрөт.

Мына ошентип, 2013-жылдын тогуз айынын жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми 115,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлөт. Ошону менен бирге эле, отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча "Каталар жана калтырып кетүүлөр" тобу боюнча маани 394,4 млн. АКШ долларынын деңгээлинде божомолдонот, бул өлкөгө капиталдын агылып келиши менен байланышкан операциялардын статистикалык эсепке толук алынбагандыгын тастыктап турат[1]. Дүң эл аралык камдардын[2] көлөмү келечектеги товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун 3,4 айлык көлөмүн жабат.

Алдын ала маалыматтар боюнча, 2013-жылдын башынан тартып, сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индекси 1,4 пайызга жогорулап, сентябрдын акырына карата 112,4 түзгөн. Жогорулоо отчеттулук жылдын сентябрь айында сомдун түрк лирасына карата 2012-жылдын декабрындагы орточо курсуна салыштырганда, 9,8 пайызга жана орус рублине карата 3,1 пайызга бекемделиши менен шартталган. Ушуну менен бирге эле сомдун кытай юанына жана еврого карата 4,9 пайызга, АКШ долларына карата 3,1 пайызга, казак теңгесине карата 1,3 пайызга нарксызданышы байкалган.

Сомдун эффективдүү алмашуу курсунун индексинин бекемделиши менен бирге, Кыргызстандагы инфляциянын эң төмөн деңгээли[3] реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин түшүүсүн шарттаган, ал 2012-жылдын декабрь айынан тартып 0,5 пайызга азайган жана ушул жылдын сентябрынын акырына 112,1 пайызды түзгөн.

**Мамлекеттик финансы сектору**

2013-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыктары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 5,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,2 пайызды түзгөн, анткени 2012-жылдын ушул эле мезгилинде бюджеттин тартыштыгы ИДӨгө карата 5,5 пайыз өлчөмдө байкалган.

Бюджетти жалпы каржылоо 3,4 млрд. сом өлчөмүндө (ИДӨгө карата 1,4 пайыз) - ички булактардын эсебинен, (ИДӨгө карата 3,8 пайыз) тышкы булактардын эсебинен 9,0 млрд. сом өлчөмүндө жүргүзүлүп келген.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларга (негизги фонддор, запастар, жер сыяктуу топтор боюнча операцияларды кошо алганда) бюджеттик каражаттардын таза агылып чыгышы 2012-жылдын ушул эле мезгили менен салыштырганда 2,1 млрд. сомго жогорулап, 6,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,8 пайызды түзгөн. Чыгымдардын жогорулашы, негизинен, курулмаларды сатып алууга жана курууга, транспорттук каражаттарды, механизмдерди жана жабдууларды сатып алууга, ошондой эле жолдорду капиталдык оңдоого чыгымдардын өсүшүнө байланыштуу болгон.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын ала маалыматтары боюнча, 2013-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыктары боюнча Социалдык фонддун бюджетинин профицити 0,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,1 пайызды, кирешелер – 24,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 10,2 пайызды, чыгымдар – 24,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 10,2 пайызды түзгөн.

Мына ошентип, консолидацияланган бюджеттин тартыштыгы каралып жаткан мезгилдин жыйынтыктары боюнча 5,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,1 пайызды түзгөн. Кирешелер 83,7 млрд.сомду же ИДӨгө карата 35,3 пайызды, ал эми чыгымдар – 88,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 37,4 пайызды түзгөн.

---

[1] КРУБнун пикири боюнча, төлөм балансынын статистикасында керектөө товарларын көмүскө реэкспорттор (чек ара жанындагы соода), туристтик кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоо жана тышкы карыздардын жеке секторго таза агылып келиши боюнча маалыматар кандайдыр бир деңгээлде эсепке алынбай келет.

[2] Дүң эл аралык камдардын көлөмү 2013-жылдын сентябрынын акырына 2 068,6 АКШ долларын түзгөн.

[3] Кыргыз Республикасындагы инфляция 2013-жылдын январь-сентябры ичинде 1,5 пайызды түзгөн, ал эми негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли, алдын ала эсептөөлөр боюнча 3,5 пайызды түзгөн.

2013-жылдын январь-сентябрь айларынын ичинде операциялык иштен мамлекеттик бюджеттин кирешелери 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчтөрүнө салыштырганда 14,2 пайызга жогорулаган жана 71,5 млрд сомду же ИДӨгө карата 30,2 пайызды түзгөн ( 2012-жылы жогорулоо 13,9 пайызды түзгөн).

Салык кирешелеринин келип түшүүсү, 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчтөрүнө салыштырганда 13,4 пайызга же 6,1 млрд. сомго жогорулап, 51,7 млрд. сомду түздү. Операциялык иштен бюджеттин кирешелеринин жалпы көлөмүндө салыктардын келип түшүүлөрүнүн үлүшү 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчтөрүнө салыштырганда 0,5 пайыздык пунктка азайган жана 72,3 пайызды түзгөн. Салык кирешелеринин келип түшүүсү операциялык ишкердүүлүктөн мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин 9,8 пайыздык пунктка өсүшүндө салымын камсыз кылган.

Салык кирешелеринин Мамлекеттик салык кызматынан 50,3 пайызга, Мамлекеттик бажы кызматынан 49,7 пайызга келип түшүүлөр менен камсыз кылынган. Ушул жылдын январь-сентябрь айлары ичинде Мамлекеттик бажы кызматынын салыктарды жыйноо боюнча планы 97,4 пайыз, Мамлекеттик салык кызматынын планы 98,3 пайыз өлчөмдө аткарылган.

Байкоого алынган мезгил ичинде салыктык эмес келип түшүүлөр 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөргө салыштырганда 6,7 пайызга жогорулап, 14,4 млрд. сомду түзгөн. Бул кирешелердин өсүшүнө саламаттыкты сактоо, билим берүү жана маданият чөйрөлөрүндө акы төлөнүүчү кызматтарды сунуштоодон түшүүлөр, ошондой эле мамлекеттин пайдасына айландырылган кирешелер негизги салым кошушкан. Ошентип, салыктык эмес келип түшүүлөр, мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен кирешелеринин өсүшүнө эң аз салымды - 1,4 пайыздык пунктту камсыз кылган.

Келип түшкөн расмий трансфертер 53,3 пайызга же 1,9 млрд. сомго жогорулап 5,3 млрд. сомду түзгөн. Мамлекеттик бюджеттин операциялык кирешелеринин өсүшүндө келип түшкөн расмий трансферттердин салымы 3,0 пайыздык пунктту түздү.

Операциялык ишке мамлекеттик бюджеттин чыгымдары жылдык эсептөөдө 0,4 пайызга же 0,3 млрд. сомго жогорулап 69,9 млрд. сом чегинде катталган.

Экономикалык классификация боюнча чыгашалар түзүмүндө, мурдагыдай эле, күндөлүк керектөөгө багытталган чыгымдардын жогорку үлүшү сакталып келет. Каралып жаткан мезгил ичинде, мамлекеттик инвестициялар программасынын алкагында, чыгымдардын салыштырма салмагын азайтууга каршы субсидияларды жана социалдык жөлөкпулдарды төлөөгө чыгымдардын үлүшүнүн 3,5 пайыздык пунктка жогорулашы байкалган. Чыгымдардын бул тобунун өсүшүндө калкты социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын базалык бөлүгүн төлөөгө кеткен чыгымдар негизги салым кошкон, аларды каржылоо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 26-майындагы №252 Жарлыгына ылайык, республикалык бюджеттен 80 пайыз өлчөмдө жүргүзүлөт (2012-жылы республикалык бюджеттен каржылоо 60 пайыздык өлчөмдө жүргүзүлгөн).

2013-жылдын сентябрынын акырындагы абал боюнча мамлекеттик карыз 159,2 млрд. сом же 3,3 млрд. АКШ долларын, анын ичинен тышкы карыз – 145,4 млрд. сом, ички карыз – 13,8 млрд. сом чегинде катталган. 2013-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөөлөр 2,2 млрд. сомду түзгөн, анын ичинен тышкы жана ички карыз боюнча төлөөлөрдүн салыштырма салмагы жалпы пайыздык төлөмдөн, тиешелүүлүгүнө жараша, 57,6 жана 42,4 пайызды түзгөн.

**Финансы сектору**

***Банк тутуму***

2013-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасында 23 коммерциялык банк (Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда) жана алардын 282 филиалы иштеп турган. Банк сектору жалпысынан алганда, 1 894,4 млн. сом (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде 22 коммерциялык банк жана алардын 269 филиалы иштеп турган, алардын ишинин натыйжалары боюнча пайда 1 823,0 млн. сомду түзгөн) өлчөмүндө таза пайда алган.

Отчеттук жылдын 30-сентябрына карата банк тутумунун суммардык активдери 105,3 млрд. сомду түзгөн, ал эми 2012-жылдын тиешелүү мезгилинде бул көрсөткүч 81,0 млрд. сомго барабар болгон, активдердин өсүшү 29,9% же 24,2 млрд. сом чегинде катталган.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан бери 22,8 пайызга көбөйүү менен 62,2 млрд. сомду түзгөн. Мында, көбөйүү депозиттик базаны валюталык түзүүчүлөрдүн 35,3 пайызга өсүшү сыяктуу эле, сом түрүндөгү аманаттардын да 11,7 пайызга өсүшү менен (АКШ долларынын чыңдалышын эске албаганда, депозиттик база 24,4 пайызга өскөн) камсыз болгон.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин келүүсү күчөгөн. Жаңы кабыл алынган депозиттердин көлөмү январь-сентябрь айларында[1] 2012-жылдагы салыштыруу үчүн алынган мезгилге караганда 15,7 пайызга көбөйүү менен 199,6 млрд. сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңы кабыл алынган аманаттардын көлөмү 103,6 млрд. сом (+18,2 пайыз), чет өлкө валютасында – 96,0 млрд. сом эквивалентинде (+13,0 пайыз) катталган.

Улуттук валютада жаңы кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2012-жылдын 9 айындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда өзгөрбөстөн, 2,3 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 9,7 пайызды (-0,1 пайыздык пункту) түзгөн.

Чет өлкө валютасындагы жаңы кабыл алынган депозиттер боюнча чен 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндеги 0,8 пайыз деңгээлинде сакталып калган. Мында, чет өлкө валютасындагы талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен да өткөн жылдагы көрсөткүчтүн 0,1 пайыз деңгээлинде сакталып калган, ал эми чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча чен 0,9 пайыздык пунктка, 5,9 пайызга чейин төмөндөгөн.

Банктар арасында чет өлкө валютасында жаңы кабыл алынган мөөнөттүү депозиттер боюнча чендердин орточо деңгээли иштеп турган 23 банктын ичинен 12 банкта[2] төмөндөгөн, калгандарында чен жогорулаган.

2013-жылдын январь-сентябрь айларында банктар сом сыяктуу эле, валюта түрүндөгү карыз алышуулардын пайыздык чендеринин төмөндөөсү алкагында, кредит портфелдерин көбөйтүүнү улантышкан. Көбүнчө, тармакты мамлекеттик колдоо боюнча чараларды ишке ашыруунун натыйжасында мүмкүн болгон, айыл чарбасына кредиттердин көлөмүнүн байкалаарлык көбөйүүсү, кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктардын чогуу алгандагы кредит портфелинин өсүшүнүн өзгөчөлүктөрүнүн бири болгон.

Өтүп жаткан жылы “Айыл чарбасын каржылоо” мамлекеттик долбоору ишке ашырылууда, анын максаты болуп, республиканын айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө жазгы талаа иштерин өз убагында жүргүзүү жана мал чарбачылыгын, ошондой эле айыл чарбасында кайра иштетүү секторун андан ары өнүктүрүү үчүн мамлекеттик колдоо көрсөтүү саналат. Долбоордун шарты боюнча Өкмөт республикалык бюджеттин каражат эсебинен жылдык 10 пайыздык ченде жеңилдетилген кредиттерди жайгаштыруулары үчүн коммерциялык банктарды жана адистештирилген финансы-кредиттик мекемелерди субсидиялайт. Сентябрь айынын

[1] Жаңы кабыл алынган депозиттер көлөмүндө банк кардарларынын эсептешүү эсептери эске алынбайт

[2] 2013-жылдын январь-сентябрь айларында иштеп турган банктардын төртөө чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттерди тартууну ишке ашырышкан эмес.

акырына карата долбоор боюнча төлөнгөндөрүн эске алганда, жалпы кредиттик карыз 2,8 млрд. сомду же банктык кредит портфелдин чогуу алгандагы көлөмүндө 5,5 пайызды түзгөн.

Иштеп турган коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан бери 24,9 пайызга көбөйүү менен отчеттук жылдын сентябрь айынын акырына карата 50,1 млрд. сомду түзгөн (алмашуу курсунун корректировкаларды эске алганда, кредит портфель 26,6 пайызга өскөн). Мында, кредиттик портфелдин сом түрүндөгү бөлүгү 24,3 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүү менен 30,9 пайызга көбөйгөн. Чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 19,8 пайызга артуу менен (АКШ долларынын бекемделишин эске алганда көбөйүү 22,9 пайызды түзгөн) 25,8 млрд. сомдук эквивалентин түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата банктардын кредит портфели тармактар боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн. Кредиттик портфелдин көбүрөөк бөлүгүн ээлеген соодага кредиттердин үлүшү 2,9 пайыздык пунктка, 37,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Мындан тышкары, башка кредиттердин салыштырма салмагы 9,3 пайызга (-1,1 пайыздык пунктка) жана керектөө максаттарына кредиттер 9,4 пайыздан 9,1 пайызга чейин төмөндөгөн. Мындан тышкары төмөндөө социалдык кызматтарга кредиттерде да жүргөн, алардын үлүшү 1,5 пайызга чейин азайган. Байланышка кредиттердин салыштырма салмагы 0,1 пайызга, 0,1 п.п. чейин төмөндөгөн. Ошону менен бирге эле, айыл чарбасына кредиттердин үлүшү (2,6 пайыздык пунктка, 17,8 пайызга), ипотекага (0,3 п.п., 9,9 пайызга чейин), өнөр жайга (1,6 п.п., 7,2 пайызга чейин) жана курулушка (2,6 п.п., 17,8 пайызга чейин) кредиттер көбөйгөн. Транспортко жана даярдоо менен кайра иштетүүгө кредиттердин үлүшү жыл башынан бери, тиешелүүлүгүнө жараша 2,4 жана 0,2 пайызды түзүү менен өзгөргөн эмес.

2013-жылдын январь-сентябрь айларында жаңы берилген кредиттердин көлөмү 42,1 млрд. сомду түзгөн, бул 2012-жылдын тиешелүү мезгилинде берилген суммадан 56,4 пайызга жогору. Улуттук валютадагы кредиттер 56,7 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагылар 56,2 пайызга көбөйгөн. Мында, банктар тарабынан берилген кредиттердин чогуу алгандагы көрсөткүчүнүн өсүшүнүн кыйла маанилүү тармактык факторлорунан болуп, айыл чарба тармагында байкалган кредиттердин өсүшү менен бирге, сооданы кредиттөөнүн көлөмүнүн жогорулоосу болгон.

Улуттук валютада жаңы берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2013-жылдын январь-сентябрь айларында өткөн жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 21,2 пайызды түзүү менен 1,7 пайыздык пунктка, ал эми чет өлкө валютасында 0,5 пайыздык пунктка, 18,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер***

2013-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы-кредиттик мекемелеринин (БФКМ) саны 774 түзгөн, алардын ичинен: «Кредиттик союздардын финансы компаниясы» (КСФК) – 1, кредиттик союздар (КС) – 157, микрокредиттик компаниялар (МКК) – 215, микрокредиттик агенттиктер (МКА) – 66, микрофинансылык компаниялар (МФК) – 4, алмашуу бюролору – 331 (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде БФКМдердин саны 833 түзгөн).

БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфели 2013-жылдын баштылышынан тартып 3,3 млрд. сомго же 21,5 пайызга өскөн жана ушул эле жылдын сентябрь айына карата абал боюнча 18,7 млрд. сомго жеткен. Мындан тышкары жыл башынан бери БФКМдин карыз алуучуларынын санынын 10 076 адамга же 2,3 пайызга, 444 225 адамга чейин көбөйгөндүгү байкалган (2012-жылдын 31-декабрына карата 434 149 адам).

БФКМдин кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен отчеттук жылдын 30-сентябрына карата төмөнкүнү түзгөн: Кредиттик союздардын финансы компаниясынын (КСФК) кредиттери боюнча 15,16 пайыз, микрофинансылык уюмдардын (МФУ) кредиттери боюнча 31,28 пайыз жана кредиттик союздардын (КС) кредиттери боюнча

27,80 пайыз (2012-жылдын 30-сентябрына карата орточо салмактанып алынган пайыздык чен: БФКМ – 15,98 пайыз, МФУ – 34,71 пайыз жана КС – 28,40 пайыз).

**3-таблица. БФКМдердин кредит портфели* (млн. сом)**

| НФКУнун аты | 30.09.2012 | % | 31.12.2012 | % | 30.09.2013 | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| КСФК | 437,9 | 0,7 | 409,2 | -5,9 | 424,2 | 3,7 |
| МФО (МФК/МКК/МКА) | 16 799,9 | 15,9 | 14 060,9 | -3,1 | 17 281,0 | 22,9 |
| Кредиттик союздар | 1 299,7 | 5,5 | 1 344,6 | 9,2 | 1 430,7 | 6,4 |
| Жалпы* | 18 099,6 | 15,1 | 15 405,5 | -1,9 | 18 711,8 | 21,5 |

* Маалыматтар КСФК эске алуусуз келтирилген (анткени КСФК кредиттери кредиттик союздарга берилген)

БФКМдин (кредиттик союздардын) депозиттик базасы[1] жыл башынан бери 7,7 пайызга же 3,9 млн. сомго көбөйгөн жана 2013-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча 55,3 млн. сомду (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде 51,3 млн. сомду) түзгөн. Мында депозиттер 2013-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча 64,7 млн. сом чегинде түптөлгөн.

[1] 2013-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча 12 кредиттик союз депозиттерд тартуу менен иш алып барышат (Улуттук банктын лицензиясынын негизинде).